| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>МОСКВА РАЙОНУ<br>МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>МОСКОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>МИН-БУЛАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

**Мин-Булак айыл аймагынын**
**айылдык Кеңешинин I-чакырылышы**
**ТОКТОМ №87**

15-август 2025-жыл Садовое а.

**Мин-Булак айыл аймагынын «Ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу жөнүндө Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолорду киргизүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 18 жана 22-беренелерине ылайык, этика, регламент жана мандат боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Саркулов Б.К. тарабынан берилген «Мин-Булак айыл аймагынын "Ардактуу атуулу" наамын ыйгаруу жөнүндө Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» маалыматын угуп жана талкуулап, Мин-Булак айыл аймагынын кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Айылдык кеңештин 2024-жылдын 2-сентябрындагы №79 токтому менен бекитилген, Мин-Булак айыл аймагынын «Ардактуу атуулу» наамын ыйгаруу жөнүндө Жобого төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

1) Жобонун II-бөлүмүндөгү 6-пункт «Ардактуу атуул» наамын ыйгаруу жөнүндө сунуштар каза болгондон кийин каралбайт» деген сөздөр алынсын.

3.Жобонун II-бөлүмүндөгү 8-пункт г) пункту менен толуктalсын:

г) «Соттолбогондугу жөнүндө маалымкат берүү»

4.Жобонун III-бөлүмүндөгү 9-пунктундагы «Комиссиянын катчысы тарабынан ишке ашырылат» деген сөздөр «Мин-Булак айыл өкмөтү тарабынан ишке ашырылат» деп өзгөртүлсүн.

5.Жобонун V-бөлүмүндөгү 6-пунктундагы «Кыргыз Республикасынын Көз карандысыздык күнүндө, 31-августта, Мин-Булак айыл аймагынын салтанаттуу майрамдык иш-чарасында тапшырылат» деген сөздөр «Салтанаттуу иш-чарада тапшырылат. Тапшыруу датасы Мин-Булак айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан аныкталат» деп алмаштырылсын.

6.Ушул токтомдун аткарылышына көзөмөл кылуу айылдык кенештин этика, регламент жана мандат боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** **Булазова Г.Т.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
МОСКВА РАЙОНУ
МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МОСКОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
МИН-БУЛАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Мин-Булак айыл аймагынын**
**айылдык Кеңешинин I-чакырылышы**
**ТОКТОМ №88**

15-август 2025-жыл Садовое а.

**Садовое айылында Өзгөчө кырдаалдар министрлигине жер тилкесин пайдаланууга берүү жөнүндө макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын Жер кодексине ылайык, Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин муктаждыктары үчүн жер тилкесин берүү жөнүндө Мин-Булак айыл өкмөтүнүн башчысынын кайрылуусун, ошондой эле муниципалдык менчиктеги кыймылсыз мүлк жана жер тилкелерин берүү жана сатуу боюнча айылдык кенештин туруктуу комиссиясынын корутундусун карап чыгып, Мин-Булак айыл аймагынын кенешинин сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. №86123 аскер бөлүгүнө 480 чарчы метр аянттагы, №648 контурда жайгашкан жер тилкесин мөөнөтсүз пайдаланууга берүү үчүн Мин-Булак айыл өкмөтүнө макулдук берилсин.

2. Жер тилкесинин чек аралары, максаттуу пайдаланылышы жана пайдалануу мөөнөтү Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарына ылайык аныкталып, укук белгилөөчү документтер менен бекитилсин.

3. Мин-Булак айыл өкмөтүнүн жер маселелери боюнча бөлүмүнө тиешелүү кызматтар менен биргеликте жер тилкесин мөөнөтсүз пайдаланууга берүү жана аны каттоо боюнча зарыл иштер жүргүзүлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышына көзөмөл кылуу айылдык кенештин жеке турак-жай курулушу, муниципалдык менчиктеги кыймылсыз мүлк жана жер тилкелерин берүү жана сатуу боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрайым Булазова Г.Т.